**2021-жылдын 21-апрели**

“Кыргыз Республикасынын айрым мыйзамдарына (Кыргыз Республикасынын Жазык кодексине (КР ЖК) жана Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексине (КР ЖПК) өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбooруна

**“Медиа Полиси Институту” коомдук фондунун**

# Корутундусу

---

Кыргыз Республикасынын (КР) ченемдик укуктук актыларынын долбоорлорун коомдук талкуулоонун бирдиктүү порталына 2021-жылдын 13-январында “Кыргыз Республикасынын айрым мыйзамдарына (Кыргыз Республикасынын Жазык кодексине жана Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексине) өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзам долбоору жарыяланды. Демилгечи катары КР Өкмөтү, ал эми долбоорду иштеп чыгуучу катары КР Ички иштер министрлиги (ИИМ) көрсөтүлгөн.[1]

Тактап айтканда, ИИМ экстремисттик уюмду түзүү жөнүндө 314-берененин 1-бөлүгүнө толуктоону сунуштап жатат. Колдонуудагы КР Жазык кодексинин 314-беренесинин 1-бөлүгүнүн мазмунун эске салсак:

*“314-берене. Экстремисттик уюмду түзүү*

*1. Иши улуттук, этностук, расалык, диний же региондор ортосундагы кастыкты (араздашууну) козутуу, улуттук ар-намысты кемсинтүү, жарандардын дини, улуту же расалык таандыктыгы, жашаган жеринин белгилери боюнча бөтөнчөлүгүн, артыкчылыгын, же болбосо начардыгын пропагандалоо менен коштолгон экстремисттик уюмду түзүү, жетектөө, -*

---

[1] Сайтка шилтеме: http://koomtalkuu.gov.kg/ru/view-npa/780

www.media.kg, mpi@media.kg

тел: +996 (312) 961960

*эки жылга чейинки мөөнөткө белгилүү бир кызмат ордун ээлөө, же болбосо белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу менен II категориядагы эркиндигинен ажыратууга жазаланат".*

Сунушталып жаткан өзгөртүүлөр киргизилгенден кийин бул берененин мазмуну мындай болот:

*"1. Иши улуттук, этностук, расалык, **саясий**, диний же региондор ортосундагы кастыкты (араздашууну) козутуу, улуттук ар-намысты кемсинтүү, жарандардын дини, улуту же расалык таандыктыгы, жашаган жеринин белгилери боюнча бөтөнчөлүгүн, артыкчылыгын, же болбосо начардыгын пропагандалоо менен коштолгон экстремисттик уюмду түзүү, жетектөө...".*

Мыйзам долбоорун иштеп чыгуучу анын максаты – "экстремисттик аракетке каршылык көрсөтүү чөйрөсүндөгү жазык мыйзамдарын экстремизмге каршы аракеттенүү боюнча Шанхай кызматташтык уюмунун Конвенциясына, "Экстремисттик аракеттерге каршы туруу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамына шайкеш келтирүү, ошондой эле экстремисттик уюмдун ишине тартуу, көндүрүү, азгырып жалдоо жана экстремисттик ишмердикти каржылоо үчүн жазык-укуктук ченемдерди өркүндөтүү болуп эсептелет" деп көрсөткөн.

"Медиа Полиси Институту" Коомдук фондунун (мындан ары – МПИ) юристтери даярдаган ушул талдоонун максаты – Кыргыз Республикасынын Жазык кодексине сунушталып жаткан өзгөртүүлөр адам укуктарынын жана эркиндиктеринин конституциялык кепилдиктерине жана аларды коргоо боюнча эл аралык стандарттарга канчалык шайкеш келгенин изилдөө.

## I. Кыскача резюме

Ички иштер министрлиги *"саясий"* деген сөздү кошууну сунуштайт, ал ченемдин мазмунуна ылайык, *"кастыкты козутуу"* менен байланышта болот, башкача айтканда, саясий кастыкты козутууга багытталган ишмердүүлүк жүргүзө турган уюмду түзгөндүгү үчүн кылмыш жоопкерчилиги пайда болот.

Ошентип, "*улуттук, этностук, расалык, диний же региондор ортосундагы кастыкка"* дагы бирөө – *"саясий кастык"* да кошулат. Эгер улут, этнос, раса, дин сыяктуу корголгон мүнөздөмөлөрдө реалдуу таандыктык болсо, анда кайсы объектти "саясий кастыктан" коргоо болжолдонуп жатканы чоң шекти жаратат. Бул жаңы өзгөртүү менен Ички иштер министрлиги кайсы категориядагы жарандардын кызыкчылыктарын жана аларды кимден коргоону сунуш кылууда?

Сунуш кылынган мыйзам долбоорунда ИИМ *"саясий кастык"* түшүнүгүн ачыкка чыгарбаганын жана ага укуктук аныктама бербегенин эске алып, биз КР Жазык кодексинин 314-беренесине сунушталып жаткан толуктоону өтө кооптуу жана Конституцияга каршы келет деп эсептейбиз. Кеңири чечмелөө укук коргоо органдарынын кызматкерлерине (сотторго да, тергөө органдарына да) жогорудагы берене боюнча эки жылдан беш жылга чейинки мөөнөткө эркинен ажыратууга жол ачып, муну менен жарандардын тагдырын чечүүдө чексиз эркиндик берет.

Бул жерде профессор В.В.Лунеевдин айткандарына шилтеме жасоо туура болот, ал Орусия Федерациясынын Жазык кодексине ушул сыяктуу түзөтүүлөр киргизилип жатканда мындай деген: *"Өздөрүн ыктымал экстремизмден коргоого*

*аракет кылган элиталык чөйрөлөр аны жасоонун себептеринин катарына салттуу расалык, улуттук жана диний жек көрүүчүлүктү (кастыкты) гана эмес, идеологиялык, саясий жана өзгөчө бөлүнгөн социалдык кастыкты да киргизишти. Олигархиянын кызыкчылыктарын, анын идеологиясын жана саясатын жаза-укуктук жактан коргоого байланыштуу мындай ачык мыйзамдык цинизм Батыш Европа өлкөлөрүнүн бир дагы жазык кодексинде кездешпейт".*[2]

Саясий плюрализмдин, толеранттуулуктун жана кеңири ой жүгүртүү талаптарын сактабаса ал коомду демократиялык деп айтууга болбойт. Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө Эл аралык пакттын (ЖСУЭП) 19-беренесинде айтылгандай, мындай эркиндиктин өзгөчөлүктөрү бар, бирок алар ачык-айкын көрсөтүлүүгө тийиш. Ал эми кандайдыр бир чектөөлөргө зарылчылык ишенимдүү түрдө негизделип берүүгө тийиш. Бардык чектөөлөр: (1) мыйзам менен каралып, (2) мыйзамдуу максатты көздөп, (3) зарыл жана пропорционалдуу болушу керек. Бул демек, экстремисттик ишмердүүлүккө каршы күрөшүү максатында конституциялык укуктарга жана эркиндиктерге чектөөлөрдү орнотууда тең салмактуулукту камсыз кылуу артыкчылыктуу милдет экенин билдирет: бир жагынан, коомдук кызыкчылыктарды коргоо (Кыргыз Республикасынын конституциялык түзүлүшүнүн негиздерин коргоо), экинчи жагынан Конституция тарабынан кепилденген адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктери – абийир жана дин эркиндиги, сөз эркиндиги, маалыматты ар кандай мыйзамдуу ыкмалар менен эркин издөө, алуу, берүү, өндүрүү жана жайылтуу укугу, тынч, куралсыз чогулуу укугу, жыйындарды, митингдерди, демонстрацияларды жана жүрүштөрдү өткөрүү укугу камсыздалууга тийиш.

Сунушталып жаткан түзөтүүлөр укук коргоо органдарынын кызматкерлерине мыйзамды конституциялык укуктарга жана эркиндиктерге зыян келтирүү менен колдонууга, саясий оппоненттерди же жарандарды каршы пикири үчүн куугунтуктоого чексиз жана кооптуу ыйгарым укуктарды берет. Кылмыш жазасына тарткан иш-аракеттердин чөйрөсүн негизсиз жана өзүм билемдик менен кеңейтип, укук коргоо органдарына ыңгайсыздык жараткан жарандарды куугунтуктоо максатында да ар кандай кыймыл-аракетин өз каалоосу менен экстремисттик деп чечмелөөгө мүмкүндүк берген мындай демилгелер Конституцияга каршы келет жана демократиялык коомдо адам укуктарын мыйзамсыз чектейт. Ушундан улам мындай мыйзам долбоору четке кагылышы керек.

## II. Анализ

*"Саясий кастыкты"* өзүм билемдик менен чечмелөө мүмкүнчүлүгү бар экенин эске алып, биз бул маселени кененирээк карап чыгуу зарыл деп эсептейбиз.

### 1. <u>"Саясий кастык" деген эмне?</u>

Жогоруда айтылгандай, мыйзамдарда "саясий кастык" терминининин аныктамасы жок жана орус тилинин сөздүктөрүндө "саясий кастык" түшүнүгү да жок. Бул түшүнүктүн укуктук аныктамасы болбогонуна байланыштуу, ошондой эле сөздүктөр бул түшүнүктү бирдиктүү туруктуу туюнтма катары карабагандыктан, биз

[2] Лунеев В. В. Ааламдашуу доору жана кылмыштуулук. М.: Норма, 2007. 158 – 159-беттер.

төмөндө ИИМ сунуштаган “саясий кастык” формулировкасынын ар бир жекече түшүнүктөрүнөн аныктаманы карап чыгууну сунуш кылабыз.

Эгерде С.И.Ожеговдун сөздүгүнө кайрыла турган болсок, ал жерде саясат *өлкөнүн коомдук түзүлүшүн жана экономикалык структурасын чагылдырган мамлекеттик бийлик органдарынын жана мамлекеттик башкаруунун ишмердүүлүгү, ошондой эле кызыкчылыктары жана максаттары менен аныкталган коомдук таптардын, партиялардын жана башка таптык уюмдардын, коомдук группалардын ишмердүүлүгү; коомдук мамлекеттик жашоодогу маселелер жана окуялар; адамдар менен болгон мамилени аныктоого, кандайдыр бир нерсеге жетишүүгө багытталган иш-аракеттердин образы деп чечмеленет*. Саясат таануу сөздүгүндө[3] педагогика илимдеринин доктору, доцент Доманов В.Г. *“саясий ишмердүүлүктү” учурдагы саясий мамилелерди өзгөртүүгө же сактоого багытталган иштин түрүн белгилөө үчүн түшүнүк катары карайт. Мындай иштин жыйынтыгында алар жаңы сапатка чыгат же эскисинде кала берет*[4].

“Кастык” сөзү дээрлик бардык сөздүктөрдө бирдей чечмеленет. Мисалы, Ушаковдун Орус тилинин түшүндүрмө сөздүгүн алалы. *Бул – жактырбоо, жек көрүүчүлүк, келишпестик, жаман ниет менен ныкталган мамилелер жана аракеттер*. Кемдендин пикир билдирүү эркиндиги жана теңдик принцибинде айтылгандай[5], “кастык” – *бул белгилүү бир реалдуу же атрибуттуу корголгон мүнөздөмөлөргө (эл аралык укук тарабынан таанылган) ээ болгондуктан, объект катары тандалган жеке адамга же топко карата катуу жана акылга сыйбас айыптоо, кастык жана жек көрүү сезими*. Ошентип, объект, мисалы, улуту, этносу, расасы, дини, кандайдыр бир корголгон мүнөздөмөлөргө ээ экендигине байланыштуу басмырлоого кабылган учурда “кастык” түшүнүгү “кастык тили” контекстинде колдонулат. Ошондо мындай учурда кайсы объектти “саясий кастыктан” коргоо болжолдонуп жатат? Президенттиби, өкмөттүбү, депутаттардыбы, прокуратураныбы же милицияныбы? Бул институттардын өкүлдөрүнүн ичинен кимдир бирин “кордук көрүп, теңсиз мамиленин курмандыгы болгондуктан өзүнө карата басмырлоодон өзгөчө коргоону талап кылган, такыр эле корголбогон топ” деп атоого ооз барбайт.

Баса, “саясий кастык” деген сөз айкашына караганда “саясий күрөш” деген сөз дагы көбүрөөк табигый түшүнүк. Саясат таануу сөздүгүндө[6] философия илимдеринин доктору, профессор В.Шпак “саясий күрөштү” *кандайдыр бир саясий*

---

[3] “Орусияда билим берүүнү өнүктүрүү” Мегадолбоорунун “Орусия Федерациясынын Тышкы иштер министрлигинин ЭММИ Салыштырмалуу саясат таануу кафедрасы менен кызматташтыкта Ростов Мамлекеттик университетинин Социология жана саясат таануу факультетинин Саясат таануу кафедрасын колдоо” долбоорун ишке ашыруунун алкагында Орусиянын Мамлекеттик Университетинин Саясат таануу кафедрасы тарабынан даярдалган.

[4] Сайтка шилтеме: http://window.edu.ru/resource/681/37681/files/polit_dict.pdf

[5] Сөз эркиндиги жана тең укуктуулук боюнча Кемден принциптери, АРТИКЛЬ19 (2009), 12.1-принцип. Сайтка шилтеме: https://www.refworld.org/cgi-bin/texis/vtx/rwmain/opendocpdf.pdf?docid=5405895f4

[6] “Орусияда билим берүүнү өнүктүрүү” Мегадолбоорунун “Орусия Федерациясынын Тышкы иштер министрлигинин ЭММИ Салыштырмалуу саясат таануу кафедрасы менен кызматташтыкта Ростов Мамлекеттик университетинин Социология жана саясат таануу факультетинин Саясат таануу кафедрасын колдоо” долбоорун ишке ашыруунун алкагында Орусиянын Мамлекеттик Университетинин Саясат таануу кафедрасы тарабынан даярдалган.

*жыйынтыктарга жетүү максатында саясий субъекттердин кызыкчылыктарына каршы туруучу абал* деп түшүндүрөт. Саясий күрөштүн формаларын, анын абалын жана келечегин мүнөздөө учурунда, философия илимдеринин доктору, профессор В.Шпактын айтымында, америкалык социолог жана саясат таануучу Сеймур Мартин Липсет айткан позицияны эске алуу керек: *"Улуттун экономикалык бакубатчылыгы канчалык жогору болсо, анын өнүгүүнүн демократиялык жолун кармануу мүмкүнчүлүгү да ошончолук жогору болот, б.а. саясий күрөштүн деңгээли жарандардын экономикалык бакубатчылыгына, саясий субъекттердин иш-аракетинин демократиялык механизмине түз пропорционалдуу болот"*[7]. Мисалы, Кыргызстанда 2021-жылдын 21-февралынан 5-мартына чейин SIAR Research and Consulting компаниясы тарабынан жүргүзүлгөн иликтөөгө ылайык, кыргызстандыктардын оюу боюнча, бүгүнкү күндө биздин өлкө үчүн эң олуттуу көйгөйлөр экономикага байланыштуу: бул – жумушсуздук, коррупция жана минималдуу жашоо стандарттары/баалардын кымбатташы.

Ошентип, ар кандай айкалыштардан улам "саясий" сөзү ар кандай мааниге ээ. Чындыгында, шайлоодо жеңишке жетишүү максатында бийлик үчүн атаандаштык, референдумда зарыл болгон чечимди кабыл алуу ж.б. саясий ишмердүүлүктүн бир бөлүгү болуп саналат. Шайлоо "кызып турган" маалда саясий күрөш, саясий оппоненттердин ортосундагы чыр-чатак – бул кыйла кеңири жайылган жана мыйзам ченемдүү көрүнүш. Бирок КР ИИМ сунуш кылган туюндурма жарандардын Конституция менен кепилденген укуктарына жана эркиндиктерине шек туудурат. Мисалы, саясатчынын жалпыга маалымдоо каражаттарындагы сынын алалы, мындай аракеттер саясий жек көрүүчүлүктүн же кастыктын көрүнүшү катары таанылабы? Ал эми жалпысынан жарандардын өлкөдө жүргүзүлүп жаткан саясатка карата айтылган сын-пикирлери "саясий кастык" катары эсептелип калышы мүмкүнбү? Бул айрым гана мисалдар, чындыгында, алардын баарын санап берүү мүмкүн эмес, анткени мындай учурда ушундай иштердин так тизмеси жок.

Сунуш кылынган "саясий кастык" туюндурмасынын эч кандай укуктук аныктамасы жок, бирок өзүнүн маңызы боюнча карама-каршылыктуу жана бүдөмүк болсо да, бийликтин сынчыларына жана оппоненттерине каршы күрөшүү үчүн; саясий каршылаштарды же саясий көз карашы башкача болгон адамдарды жок кылуу, саясий күрөш жүргүзүү үчүн ресурстардан ажыратуу же алардын саясий таасирин азайтуу үчүн өзүм билемдик менен колдонулат.

## 2. КР Жазык кодексин өзгөртүү КР Конституциясына карама-каршы келет

ИИМ тарабынан сунушталган өзгөртүүлөрдүн КР Конституциясына шайкештиги жөнүндө маселени кароодо Медиа Полиси Институту Кыргыз Республикасынын 2016-жылдын 28-декабрындагы №218 КР Мыйзамынын редакциясындагы 2010-жылдын 27-июнундагы КР Конституциясынын ченемдерин жетекчиликке алды. Учурда Конституциянын ушул редакциясы күчүндө, анткени Конституциянын 2021-жылдын 11-апрелинде референдумда кабыл алынган редакциясы азырынча күчүнө кире элек.

КР Конституциясы (20-берененин 2-бөлүгү) жана мыйзамдар менен адамдын, жарандын укуктары менен эркиндиктери төмөнкүлөрдү коргоо максатында

---

[7] Сайтка шилтеме: http://window.edu.ru/resource/681/37681/files/polit_dict.pdf

чектелиши мүмкүн: коомдук тартипти, - калктын ден соолугун жана адеп-ахлактуулугун коргоо, - башка адамдардын укуктары менен эркиндиктерин коргоо. Мындай чектөөлөр аскердик же башка мамлекеттик кызматтын өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен киргизилиши мүмкүн. Бул чектөөлөр коюлган максаттарга пропорционалдуу болушу керек.

Ошол эле учурда КР Конституциясынын 20-беренесинде мындай деп көрсөтүлгөн: "5. Ушул Конституцияда белгиленген төмөндөгүдөй укуктар эч чектелүүгө тийиш эмес: 4) ой-пикир эркиндиги тууралуу; 5) диний же башка ынанымдарды эркин тандап алуу жана ээ болуу; 6) өзүнүн кайсы этноско таандык экенин эркин аныктоо жана көрсөтүү; 8) соттук коргонуу...". Мыйзамда башка максаттарда жана Конституцияда каралгандан көбүрөөк өлчөмдө укуктар менен эркиндиктерге чектөөлөр белгилениши мүмкүн эмес. Ишмердиги саясий кастыкты козутуу менен байланышкан уюмду түзгөндүгү үчүн кылмыш жоопкерчилигин белгилөө КР Конституциясынын 20-беренесинде көрсөтүлгөн конституциялык-укуктук принциптерге жооп бербейт. Айтсак, "саясий кастык" терминининин ченемдик укуктук аныктамасы жок экендигин эске ала турган болсок, анда мындай жүйөлөрдүн негизинде адамдын укуктары менен эркиндиктерин чектөө Конституцияга каршы келет. Бул терминдин укук колдонуу практикасында кеңири чечмеленишин эске алганда, адам соттук коргонуу (КР Конституциясынын 20, 29-беренелери), негизсиз кылмыш куугунтугунан коргонуу (КР Конституциясынын 26-беренеси) сыяктуу конституциялык укуктардан ажыратылат

КР Конституциясынын 17-беренесине ылайык, ушул Конституцияда белгиленген укуктар менен эркиндиктер бардык жактан толук жетишерлик деп эсептелбейт жана адамдын, жарандын башка жалпы таанылган укуктары менен эркиндиктерин тануу же басмырлоо катары чечмеленбеши керек. Мындай учурда жалпы тарабынан таанылган укуктар КР Конституциясынын 31-беренесинде белгиленген өз пикирин билдирүү эркиндигине болгон укук болуп саналат. Эгерде бул мыйзам долбоору ишке ашса, анда ушул конституциялык укукка коркунуч келет. Саясатчылардын дарегине жана алар тандап алган багытына карата айтылган ар кандай сын-пикирлер "саясий кастыкты" козутуу деп чечмелениши мүмкүн, бул андай адамдарды кылмыш жоопкерчилигине тартууга да алып келиши мүмкүн.

Ушунун негизинде, бул түзөтүү КР Конституциясынын колдонуудагы редакциясына карама-каршы келет жана белгиленген чектөөлөрдүн зарылчылыгы, негиздүүлүгү жана пропорционалдуулук талаптарына жооп бербейт деп белгилейбиз.

## 3. <u>Сунушталган түзөтүүлөр адамдын укуктары жана эркиндиктери жаатындагы эл аралык укуктук документтерге каршы келет</u>

КР Ички иштер министрлигинин бул демилгеси эл аралык укуктук милдеттенмелерге, адам укуктары чөйрөсүндөгү эл аралык укуктун жалпы таанылган принциптерине каршы келет.

Адам укуктары жаатындагы негизги эл аралык укуктук документтер болуп Адам укуктарынын жалпы декларациясы (АУЖД)[8], Жарандык жана саясий укуктар

[8] Сайтка шилтеме: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/17534

жөнүндө эл аралык пакт (ЖСУЭП) саналат. Кыргыз Республикасы ушул эл аралык келишимдердин толук кандуу катышуучусу.

ЖСУЭП эл аралык укуктун жалпы таанылган принциптерин жана ченемдерин бекемдөө менен коом үчүн негизги адамдын укуктары менен эркиндиктеринин баалуулугун жарыялайт. 19-березненин 1-пункту ар бир адамга “өз пикирин эркин билдирүү” укугуна кепилдик берет. Ушул укукка байланыштуу Пакт эч кандай өзгөчө кырдаалды же чектөөнү моюнуна албайт. Адамды кандайдыр бир пикирди кармануга же карманбоого мажбурлоонун бардык түрүнө тыюу салынат.

19-березненин 2-пункту ар бир адамдын “өз оюн эркин билдирүү укугун жарыя кылат. Бул укук ар кандай маалыматтарды жана идеяларды мамлекеттик чек араларга карабастан, оозеки, жазуу жүзүндө, же басма сөз, же көркөм сөз формалары аркылуу, же өзү тандаган башка жолдор менен издөө, алуу жана жайылтуу эркиндигин камтыйт”. Белгилей кетүүчү нерсе, “пикир жана аны билдирүү эркиндигин урматтоо милдеттенмеси жалпы жонунан ар бир катышуучу-мамлекет үчүн юридикалык жактан милдеттүү” болуп саналат. Пикирин билдирүү эркиндигин урматтоо демократия жана адамзаттын потенциалын туруктуу өнүктүрүү үчүн чечүүчү ролду ойнойт жана Жер бетиндеги тынчтыкка жана коопсуздукка салым кошот.

Ушул березненин 3-пунктунда ушул березненин 2-пунктунда каралган укуктарды пайдалануу өзгөчө милдеттерди жана жоопкерчиликтерди жүктөй тургандыгы белгиленет. Бул кээ бир чектөөлөр менен байланыштуу болушу мүмкүн, бирок алар мыйзам менен белгилениши керек жана зарыл болуп саналат:

а) башка адамдардын укуктарын жана кадыр-баркын урматтоо үчүн;

b) мамлекеттин коопсуздугун, коомдук тартипти, калктын саламаттыгын же адеп-ахлактуулугун коргоо үчүн.

Адамдын укуктары менен эркиндиктеринин жол берилген бардык чектөөлөрү төмөнкү талаптарга жооп бериши керек:

а) мыйзамдуулукка, б.а. жетишээрлик айкын жана так болушу керек;

b) сөз эркиндигин эл аралык укукка ылайык чектөөнүн мыйзамдуу максаттарынын бирине жетишүү үчүн зарыл болушу керек, мисалы, башка адамдардын укуктарын коргоо;

c) пропорционалдуу болууга тийиш, азыраак чектөөчү альтернатива жетишсиз болгон учурда гана конкреттүү чектөө киргизилиши мүмкүн.

Белгилей кетүүчү нерсе, “кастык тилинин” оордугун баалоо жана тийиштүү чектөөлөрдү киргизүү Рабат иш-аракеттер планында[9] көрсөтүлгөн, алты критерийди камтыган жана эл аралык коомчулук тарабынан таанылган тестке таянышы керек. Бул планда пикир билдирүү эркиндигин чектөө, жек көрүүчүлүктү

[9] Рабат иш-аракеттер планы 2012-жылдын 5-октябрында кабыл алынган. Сайтка шилтеме: https://www.sova-center.ru/ racismxenophobia/publications/2014/11/d30593/

козуткан фактыны таануу жана ЖСУЭПнын[10] 20-беренесин колдонуу үчүн жогорку босого каралган.

БУУнун Адам укуктары боюнча комитети №34 Жалпы тартиптеги комментарийинин 46-пунктунда Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пактынын 19-беренесин колдонууга карата өз позициясын ачыкка чыгарып, эл аралык макулдашуунун катышуучуларына карата талаптарды белгилейт: “Катышуучу-мамлекеттер антитеррордук чаралар 19-берененин 3-пунктуна шайкеш келишин камсыз кылууга тийиш. “Терроризмди кубаттоо” жана “экстремисттик ишмердик” өңдүү кылмыштардын, ошондой эле терроризмди “мактоо”, “даңктоо” же “актоо” кылмыштарынын так аныктамасы болууга тийиш. Бул аларды колдонуу пикирин эркин айтууга укукту жүзөгө ашырууга ашыкча же пропорционалдуу эмес кийлигишүүгө алып келбешине кепилдик берет”. Ошентип, “Кыргыз Республикасынын айрым мыйзамдарына (Кыргыз Республикасынын Жазык кодексине жана Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоорунун демилгечиси жана иштеп чыгуучусу катышуучу өлкөлөргө коюлган талаптарды бузуу менен, “саясий кастык” түшүнүгүнө аныктама берген эмес деп белгилесе болот.

Ошондой эле саясий пикирин айтканы үчүн кылмыш жоопкерчилигин белгилөөнү ЖСУЭПнын 19-беренесинин 3-пунктунда белгиленген максаттар менен актоого мүмкүн эмес, анткени “саясий кастык” деген сөздүн негизсиз кеңири чечмелениши сөзсүз түрдө кылмыш жоопкерчилигин бул максаттардын чегинен тышкары, тактап айтканда, саясий оппоненттерди, сын пикирин айткан жарандарды куугунтуктоого алып келиши мүмкүн.

Пикирин эркин айтуу укугу ар бир адамдын табигый укугун гана эмес, демократиялуу мамлекеттин өзүнүн жаранынын сөз эркиндигине болгон укугун ар тараптуу камсыз кылууга болгон табигый милдетин да билдирет деп түшүнүш керек. Саясий мүнөздөгү пикирин билдиргени үчүн негизсиз кылмыш жоопкерчилигин белгилөө менен, мамлекет өзүнө алган эл аралык милдеттенмелерин бузуп жатат.

Адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктери эл аралык мыйзамдар менен корголот. Адам укуктары жаатында ратификацияланган эл аралык укуктук ченемдер бардык мамлекеттик органдар жана алардын өкүлдөрү үчүн аткарууга милдеттүү болуп саналат. Кыргыз Республикасынын Баш мыйзамынын 6-беренесинин 3-пунктуна ылайык, “Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп эсептелген, мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдер, ошондой эле эл аралык укуктун жалпы кабыл алынган принциптери менен ченемдери Кыргыз Республикасынын укук системасынын ажыралгыс бөлүгү болуп саналат. Эл аралык келишимдерди жана эл аралык укуктун жалпы таанылган принциптерин жана ченемдерин колдонуу тартиби жана шарттары мыйзамдар менен аныкталат”.

[10] ЖСУЭПнын 20-беренеси “2. Улуттук, расалык же диний жек көрүүчүлүктүн пайдасына дискриминацияга, кастыкка же зомбулукка түрткөн ар кандай сөздөргө мыйзам тарабынан тыюу салынышы керек”. Сайтка шилтеме: https://www.ohchr.org/RU/Issues/ FreedomOpinion/Articles19-20/Pages/Index.aspx

2016-жылдын октябрь айында “Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоорун кароодо, КР Жогорку сотунун Конституциялык палатасы төмөнкүдөй Жыйынтык чыгарган: “Эл аралык келишимдердин иштеши эл аралык укуктук ченемдин катышуучулары үчүн андан келип чыккан укуктарды жана милдеттенмелерди так аткарууну болжолдойт. Эл аралык келишимдердин иштеши жана колдонулушу анын бардык катышуучулары андан келип чыккан милдеттенмелерди так аткарууну болжолдойт (pacta sunt servanda). Ошентип, күчүнө кирген жана ошого жараша күчүндө турган эл аралык келишимдердин жоболорун катышуучу мамлекеттер милдеттенмелерди ак ниеттүүлүк менен аткаруу принцибинин негизинде өз ыктыярлары менен аткарышы керек”.

Ушуга ылайык, КР Жогорку сотунун Конституциялык палатасы өз корутундусунда адам укуктары боюнча эл аралык келишимдердин артыкчылыгы жөнүндө ченемди башка эл аралык келишимдерге салыштырмалуу алып салуу Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдер боюнча, анын ичинде адам укугу боюнча өз милдеттенмелеринен баш тарткандыгын билдирбейт деп көрсөттү. Күчүнө кирген жана ошого жараша колдонулуп жаткан эл аралык келишимдердин жоболорун катышуучу мамлекеттер өз ыктыяры менен, милдеттенмелерди ак ниет менен аткаруу принцибинин негизинде аткарышы керек.

Тең укуктуулук жана адилеттүүлүк принциптерине негизделген мамлекет ошол эле учурда адамдын укуктарын, коомдун жана мамлекеттин жамааттык кызыкчылыктарын коргоону камсыз кылууга, укуктук механизмдер аркылуу бул баалуулуктардын тең салмактуулугун түзүүгө милдеттүү.

Жогоруда айтылгандай, КР Жазык кодексине өзгөртүү киргизүү демилгесин КР Өкмөтү көтөрүп, анда экстремисттик аракетке каршылык көрсөтүү чөйрөсүндөгү жазык мыйзамдарын Шанхай кызматташтык уюмунун Конвенциясына ылайык келтирүү зарылдыгы жөнүндө чечим кабыл алган. Конвенциянын ушул ченеминин мазмуну коомдук коопсуздукту камсыз кылууда кызыкчылыкты адамдын конституциялык укуктары менен эркиндиктерине негизсиз түрдө каршы коюп жатат. Бул болсо жалпы тарабынан таанылган адам укуктары көрсөтүлгөн Адам укуктарынын Жалпы декларациясынын (АУЖД) жана ЖСУЭПнын ченемдерине карама-каршы келет. Ошол эле учурда ЖСУЭПга Кытайды кошпогондо, ШКУга мүчө бардык мамлекеттер кол койгон жана ратификациялаган. Кытай Пактка кол койгону менен, бирок аны ратификациялаган эмес.

ШКУ негизинен ШКУга мүчө мамлекеттердеги адам укуктарын коргоого жана сактоого эмес, аскердик жана экономикалык кызматташтыкка көңүл бурат[11]. Тескерисинче, адам укуктарынын талаптагыдай сакталышын камсыз кылуунун ордуна, терроризм жана экстремизм менен күрөшүү шылтоосу менен сынчыл маанайдагы билдирүүлөрдү басып, адам укуктарын бузуу ШКУга мүчө мамлекеттердин басымдуу бөлүгүнө мүнөздүү көрүнүш. Кытайда уйгурларды жана башка мусулман этностук топторду узак мезгил бою куугунтуктоону мисал катары келтирсек болот. Айталы, укук коргоо уюмдарынын маалыматы боюнча, уйгурлар жана башка мусулман азчылыктарынын өкүлдөрү “кайра тарбиялоочу лагерлер”

[11] Сайтка шилтеме: https://www.fidh.org/IMG/pdf/scoantiterro583ru.pdf

деп аталган жерде отурушат, бул лагерлерде алар өз дининен, маданиятынан жана тилинен баш тартууга мажбурланууда.[12] Дал ошол себептен Бириккен Улуттар Уюму Шинжаң-Уйгур автономдук районуна (ШУАР) өз делегациясын жиберип, мусулман азчылыктарынын айланасындагы кырдаалды жеринде көрүүнү каалайт.[13] Ал эми Европа Биримдигинин Кеңеши тышкы иштер министрлеринин деңгээлинде Кытайга адам укуктарын системалуу түрдө бузгандыгы үчүн санкцияларды киргизүүгө макул болду.[14]

Лейден университетинин Адам укуктары жана гуманитардык укук боюнча профессору Хелен Даффинин; Бирмингем университетинин Юридикалык мектебинин улук окутуучусу, доктор Алан Гриндин катышуусунда даярдалган Аналитикалык маалыматта[15] “23. Шанхай Конвенциясы ШКУга мүчө мамлекеттердин өз ара кызматташуу боюнча бекем милдеттенмелерин карайт, бирок адам укуктарын жана негизги эркиндиктерин коргоо жана урматтоо зарылдыгын тааныбайт” деп белгиленген. Конвенцияны эл аралык адам укуктарына ылайык аткаруу жана кызматташтыкты камсыз кылуу боюнча кандайдыр бир талаптардын жок экендиги таң калыштуу... 24. Конвенцияда эл аралык укук боюнча милдеттенмелерге айрым бир жалпы шилтемелер камтылса дагы, алар ырааттуу эмес жана адам укуктары жаатындагы эл аралык укукка, гуманитардык укукка жана качкындардын укугун коргоого түздөн-түз тиешеси жок. Бул жааттагы кызматташуунун адам укуктарына тийгизген таасирин эске алганда, адам укуктарына же тийиштүү эл аралык келишимдерге конкреттүү шилтемелердин жоктугу олуттуу терс белги болуп саналат. Мындай шилтемелер кошумча колдонмо катары кызмат кылып бермек. Атүгүл, эл аралык милдеттенмелерди сактоо критерийлерине же алар менен каралган кызматташууга карата талаптарга шилтемелер берилген эмес. Белгилей кетүүчү нерсе, кызматташуу (мисалы, экстрадициялоо, маалымат алмашуу ж.б.) жаатында мүчө мамлекеттерге белгилүү бир милдеттенмелерди жүктөп жатып, Конвенция мамлекеттердин адам укуктары жаатындагы милдеттенмелерин урматтоосуна жана эл аралык укуктун башка ченемдерин сактоого мүмкүндүк берген өзгөчө учурларды караштырбайт. Бул болсо эл аралык келишимдер боюнча милдеттенмелер менен кагылышууга алып келиши мүмкүн...”.

Мындан тышкары, жогоруда айтылган Аналитикалык катта 2002-жылдагы Шанхай конвенциясында[16] зордук-зомбулук “экстремизм” терминин аныктоодо маанилүү элемент экендиги өтө так белгиленген. Ал эми ШКУнун Экстремизмге каршы туруу боюнча 2017-жылдагы Конвенциясында зордук-зомбулук аракеттери бул аныктаманын зарыл бөлүгү болуп саналбайт, ушул Конвенциянын негизинде

---

[12] Сайтка шилтеме: https://www.dw.com/ru/ya-ne-znayu-zhivy-li-moi-deti-istorii-bezhavshikh-iz-kitaya-uygurov/a-56676231

[13] Сайтка шилтеме: https://www.dw.com/ru/oon-vedet-peregovory-s-knr-o-vizite-verhovnogo -komissara-v-sinczjan/a-57033906

[14]Сайтка шилтеме: https://www.dw.com/ru/es-vpervye-za-30-let-vvodit-sankcii-v-otnoshenii -kitaja/a-56949546

[15]Сайтка шилтеме: https://www.legislationline.org/download/id/8841/file/382_TERR_BiH 21 Sept2020_ru.pdf

[16] Кыргыз Республикасынын 2002-жылдын 10-апрелиндеги №50 “Терроризмге, сепаратизмге жана экстремизмге каршы күрөшүү жөнүндө Шанхай конвенциясын ратификациялоо жөнүндө” Мыйзамы. Сайтка шилтеме: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru- ru/1005?cl=ru-ru

ИИМ Жазык кодексине өзгөртүүлөрдү киргизүүнү сунуштап жатат. Бул Конвенцияда "зомбулук жана башка конституциялык эмес иш-аракеттерге" кеңири шилтеме берилет. Атүгүл, 2017-жылкы[17] Конвенция башында "экстремисттик актыны" аныктоодо Шанхай конвенциясында камтылган "экстремизм" аныктамасына шилтеме бергени менен, бул аныктама андан ары көптөгөн башка иш-аракеттерге шилтемелер менен толукталып, Шанхай конвенциясында берилген "экстремизм" аныктамасынын алкагынан бир кыйла чыгып кеткен[18]. ШКУнун Конвенциясына ылайык, "экстремисттик акт" дегенге саясий кастыкты же жек көрүүчүлүктү козутуу да кирет. Ал эми экстремизм жөнүндө баштапкы түшүнүктөн четтегенде (зордук-зомбулук иш-аракеттеринин гана ракурсу аркылуу), "саясий кастык же жек көрүү" түшүнүгүн чечмелөө эч кандай зомбулук болбогон күндө да бул түшүнүк нормалдуу демократиялык саясий күрөштө колдонулушу ыктымал деген чоң тобокелдик барган сайын күч алууда.

1969-жылдагы Эл аралык келишимдердин укугу жөнүндө Вена конвенциясы эл аралык укук жаатындагы дагы бир маанилүү документ болуп саналат, анда мамлекеттер ортосундагы келишимдерди түзүүгө, алардын күчүнө киришине, колдонулушуна, токтотулушуна, чечмеленишине жана сакталышына тиешелүү негизги эл аралык укуктук ченемдер камтылган. 1969-жылдагы Вена конвенциясы эл аралык келишимдердин укук жаатындагы эң маанилүү булагы болуп саналат. Кыргыз Республикасы бул Конвенцияга 1997-жылдын 5-июлундагы №49[19] КР Мыйзамына ылайык расмий түрдө кошулган.

АУЖДда, ЖСУЭПте белгиленген пикирин эркин билдирүү жалпы эл аралык укуктун императивдүү ченеми болуп саналат. Конвенциянын 53-беренеси мындай деп түшүндүрөт: "Бул нерсе ушул Конвенцияга тиешелүү болгондуктан, жалпы эл аралык укуктун императивдүү ченеми – бул мамлекеттердин эл аралык коомчулугу кабыл алган жана тааныган ченем, андан четтөөгө жол берилбейт жана аны ушундай эле мүнөзгө ээ кийинки жалпы эл аралык укуктун ченеми менен гана өзгөртүүгө болот".

"Эл аралык келишимдердин укугу жөнүндө" Вена конвенциясына ылайык, эгерде Конвенцияга кошулган мамлекеттердин эл аралык келишимдери жалпы эл аралык укуктун имепартивдүү ченемдерине каршы келсе, анда мындай келишимдер жараксыз деп эсептелет.

Кыргызстан жалпы эл аралык укуктун императивдүү ченемдери камтылган ЖСУЭПга 1994-жылы эле кошулгандыктан[20], кийинки бардык эл аралык келишимдер, анын ичинде ШКУнун экстремизмге каршы аракеттенүү боюнча Конвенциясы[21], Кыргызстандын адам укуктары жаатында эл аралык келишимдер

---

[17] Сайтка шилтеме: http://pravo.gov.ru/proxy/ips/?docbody=&prevDoc=102574570&backlink=1&&nd =102632751

[18] Терроризмге, сепаратизмге жана экстремизмге каршы күрөшүү жөнүндө Шанхай конвенциясы боюнча Аналитикалык кат. Варшава, 2020-жылдын 21-октябры. Сайтка шилтеме: https://www.legislationline.org/ download/id/8841/file/382_TERR_BiH _21Sept2020_ru.pdf

[19] Сайтка шилтеме: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/17859?cl=ru-ru

[20] КР Жогорку Кеңешинин 1994-жылдын 12-январындагы № 1406-XII токтому менен ратификацияланган. Сайтка шилтеме: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/17581?cl=ru-ru

[21] ШКУнун Экстремизмге каршы аракеттенүү боюнча Конвенциясына КР Президенти 2017-жылдын 9-июнунда кол койгон. "Экстремизмге каршы аракеттенүү боюнча ШКУнун Конвенциясын ратификациялоо жөнүндө" КР Мыйзамын 2018-жылдын 1-ноябрында КР Жогорку Кеңеши кабыл алып, 2019-жылдын 19-январында КР Президенти кол койгон. Сайтка шилтеме: http://kabar.kg/news/podpisan-zakon-o-ratifikatcii-konventcii-shos-po- protivodeistviiu-ekstremizmu/

боюнча мурда өзүнө алган милдеттенмелерин эске алуу менен жүзөгө ашырылышы керек.

## 4. Негиздеме-маалым катта иш жүзүндө мыйзам долбоорунун негиздемеси жок

“Кыргыз Республикасынын айрым мыйзамдарына (Кыргыз Республикасынын Жазык кодексине, Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексине) өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамынын долбооруна негиздеме-маалым катта демилгечи төмөнкүлөрдү көрсөтөт:

Акыркы убактарда республиканын аймагында Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинде каралган кылмыштарды жасоо жолу менен коомдун саясий системасын бузууга (өзгөртүүгө), учурдагы мамлекеттик түзүлүшкө күч менен өзгөртүү киргизүүгө, мамлекеттин коопсуздугуна коркунуч жаратууга жана бүтүндүгүн бузууга багытталган айрым диний-экстремисттик уюмдардын төмөндөгүдөй аракеттери байкалууда:

- КР Конституциясын бузуп, бийликти күч менен басып алуу же күч менен кармап туруу, ошого тете конституциялык түзүлүштү күч колдонуп өзгөртүүгө багытталган аракеттер;

- бийликти күч менен басып алууга же күч колдонуп кармап турууга, ошого тете конституциялык түзүлүштү күч колдонуп өзгөртүүгө ачык чакырыктар;

- сепаратисттик иш, башкача айтканда мамлекеттин аймактык бүтүндүгүн бузууга, анын ичинде аймактын бөлүгүн андан бөлүүгө же мамлекетти дезинтеграциялоого багытталган күч колдонуу жолу менен жасалган жосун”.

Мыйзам долбоорунун негиздеме-маалым катында демилгечи сунушталган мыйзамдык чечим менен тигил же бул мамилелерди жөнгө салууну негиздеп берген конкреттүү зарылчылыкты көрсөтүшү керек. Бирок ИИМ жалпы кооптонуу сезимин билдирүүдөн тышкары, диний-экстремисттик уюмдардын коомдун саясий системасын өзгөртүүгө же бузууга багытталган иш-аракеттери жөнүндө статистикалык маалыматтарды жана далилдерди келтирген эмес. Эгер мындай коркунуч болсо, анда диний фанатизмге каршы күрөш саясий плюрализмге, саясий оппозицияга, сынга жана башкача ой жүгүртүүгө каршы колдонулган куралга айланбашы керек.

Ошону менен катар, эгерде укук коргоо органдары ишмердүүлүгү өлкөнүн коопсуздугуна жана конституциялык түзүлүшкө коркунуч келтирген айрым диний-экстремисттик уюмдардын бар экендигин билсе, анда өзүнүн ыйгарым укуктарынын чегинде белгиленген механизмдерди колдонушу керек. Мындай ыйгарым укуктар “Экстремисттик аракеттерге каршылык көрсөтүү жөнүндө” КР Мыйзамында белгиленген: бул – уюмду соттун чечиминин негизинде экстремисттик деп таануу жана Кыргыз Республикасынын аймагында алардын ишине тыюу салуу.

Мындан тышкары, негиздеме-маалым катта көрсөтүлгөн кооптуу иш-аракеттер жазык мыйзамдарында жазылган жана мындай кылмыштарды жасагандыгы үчүн КР Жазык кодексинин 309-беренеси (“Бийликти күч менен басып

алуу”), 310-беренеси (“Бийликти күч менен басып алууга ачык чакырыктар”) жана 311-беренеси (“Сепараттык иш”) боюнча кылмыш жоопкерчилиги каралган.

КР Ички иштер министрлигинин негиздеме-маалым катында “саясий кастык” үчүн жоопкерчиликти киргизүүгө “айрым субъекттер өлкөнүн аймагында оор кылмыштарга, тактап айтканда, коомдун саясий системасын жок кылууга, учурдагы мамлекеттик түзүлүштү күч менен өзгөртүүгө, мамлекеттин коопсуздугуна жана бүтүндүгүнө шек келтирген коркунучтарды жаратууга даярданып жатканы” жүйө катары келтирилгенине назарыңызды бургубуз келет. Бирок бул жүйө болуп бере албайт, себеби мыйзамдарда КР Жазык кодексинин 38-беренесине ылайык (“Кылмышка даярдык көрүү”) оор же өзгөчө оор кылмышка даярдык көрүү үчүн кылмыш жоопкерчилиги каралган.

Ошентип, иш жүзүндө мындай кырдаалда мыйзам менен эки эсе кылмыш үчүн жоопкерчилик орнотулат. Алардын бири – ишмердүүлүгү “саясий кастыкты” козутууга багытталган уюмду түзүү үчүн, ал эми экинчи жоопкерчилик үч берене менен каралган оор кылмышка даярдык көргөн жагдайга жараша келип чыгат: КР Жазык кодексинин 309-беренеси (“Бийликти күч менен басып алуу”), 310-беренеси (“Бийликти күч менен басып алууга ачык чакырыктар”) жана 311-беренеси (“Сепараттык иш”).

Эгерде бул сунушталып жаткан өзгөртүүнүн максаты Кыргыз Республикасынын конституциялык түзүлүшүнүн негиздерин коргоо сыяктуу коомдук кызыкчылыктарды коргоону камсыз кылуу болсо, анда экстремисттик ишке каршы колдонуудагы мыйзамдар конституциялык түзүлүштүн негиздерине жана мамлекеттин коопсуздугуна каршы жасалган кылмыштардын тизмесин камтыйт: бийликти күч менен басып алуу; бийликти күч менен басып алууга ачык чакырыктар; расалык, этностук, улуттук, диний же региондор ортосундагы кастыкты (жек көрүүчүлүктү) козутуу ж.б.

Жогоруда саналган беренелердин бири боюнча бир кезде “Ата Журт” партиясынын депутаттары Камчыбек Ташиевге, Талант Мамытовго жана Садыр Жапаровго иш козголгон. 2012-жылдын 3-октябрында Жогорку Кеңештин депутаттары К. Ташиев жана Т. Мамытов Кумтөр кенин улутташтырууну талап кылган тынч митингге чыгып, тергөөнүн, андан кийин соттун версиясы боюнча “бийликти басып алууга аракет кылып, нааразычылык акциясына чыккандарды азыркы конституциялык түзүлүштү кулатууга чакырып”, айрым тарапкерлери менен Ак үйдүн тосмосунан ашып түшүп, аларды кармоого аракет кылган коопсуздук кызматкерлерине каршылык көрсөтүшкөн.

Белгилүү болгондой, 2013-жылы “Ата Журт” партиясынын бул депутаттары сот жообуна тартылып, КР Жогорку соту аларды күнөөлүү деп таап, “Кылмышка шериктеш болгондугу” (КР Кылмыш-жаза кодексинин 30-беренеси)[22], “Бийликти күчкө салып тартып алуу же бийликти күч менен кармап туруу” (КР Кылмыш-жаза кодексинин 295-беренеси)[23] үчүн бир жыл беш айга эркинен ажыраткан. Кийин НТС телеканалындагы маегинде К.Ташиев муну бийликти басып алуу үчүн эмес, коомчулуктун көңүлүн Кумтөр маселесине буруу максатында жасаганын айткан.

[22] Берененин номери эски КР ЖК боюнча көрсөтүлдү

[23] Берененин номери эски КР ЖК боюнча көрсөтүлдү

*“Мамлекеттик ишмер жана депутат катары тосмодон ашып өтүү чечими туура эмес болгонун моюнга алабыз. Канчалык кыйын болсо дагы, муну моюнга алышыбыз керек. Түрмөдө отуруп, мандатыбыздан айрылдык. Бирок биз жеке кызыкчылыгыбызды көздөп, же бийликти басып алуу үчүн эмес, мамлекеттин кызыкчылыгы үчүн, Кумтөр маселесин чечүү максатында ошондой кадамга барганбыз”*, - деп айткан К.Ташиев.[24]

Ошентип, мыйзамдарда түшүнүксүз жана бүдөмүк “саясий кастык” түшүнүгүнүн жоктугу бийликтин бул адамдарды жоопко тартуусуна тоскоол болгон эмес. Ошентсе да 2020-жылы соттун чечими жаңы ачылган жагдайларга байланыштуу жокко чыгарылып, үчөө тең акталып чыккан.

Тажрыйба жана тарых, ал тургай ушул конкреттүү окуя көрсөткөндөй, биздин өлкөдө чоң көйгөй мыйзамдарда эмес, аларды аткарууда жатат – соттор ошол кезде бийликте тургандардын пайдасына чечим чыгарып, кийин саясий кырдаал өзгөргөнүнө байланыштуу жана жаңы бийликтин кызыкчылыгына жараша чечимин жокко чыгарышат. Балким, жаңы бийлик “бул маселени кантип чечсе болот жана соттордун көз карандысыздыгын кантип камсыз кылуу керек?” деп ойлонгону туура болоор? Кантсе дагы, ар бир адам адилеттүү жана калыс соттук териштирүүгө, акыйкат жана ачык соттук угууга, ишти көз карандысыз жана калыс сот акылга сыярлык мөөнөттө карасын деп талап кылууга укуктуу. Мына ушул укук баарынан да көп коргоого муктаж болуп тургандай.

## III. Тыянактар жана сунуштар

“Саясий кастык” түшүнүгүнүн юридикалык аныктамасынын жоктугу бул ченемди талаптагыдай жүзөгө ашырууга чоң коркунуч жаратып жатат. Себеби бул ченем тактык, айкындуулук жана алдын-ала болжолдоо талаптарына жооп бербей турат. Сунуш кылынган өзгөртүү коомдук мааниси чоң маселелер боюнча ар кандай кызуу саясий талкууну “саясий кастык” катары кылмыш жоопкерчилигине квалификациялоого мүмкүнчүлүк берүүдө. Ошол себептен мындай учурларда ченемди талаптагыдай квалификациялуу түрдө колдонуу мүмкүн болбойт.

Ушул кемчиликтен улам укук коргоо органдары “саясий кастыкка” байланыштуу иш-аракеттерге баа берип жатканда, иш жүзүндө аны өзүм билемдик менен чечмелешет. Бул сөзсүз түрдө адамдын жана жарандын конституциялык укуктары менен эркиндиктерин жүзөгө ашырууга орунсуз жана пропорционалдуу эмес кийлигишүүгө алып келет. Бул жерде адамдын абийир жана дин эркиндиги, сөз эркиндиги, маалыматты ар кандай мыйзамдуу ыкмалар менен эркин издөө, алуу, берүү, өндүрүү жана жайылтуу укугу, тынч, куралсыз чогулуу укугу, жыйындарды, митингдерди, демонстрацияларды жана жүрүштөрдү өткөрүү укугу жөнүндө сөз болууда.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде, “Медиа Полиси Институту” Коомдук фонду КР Жогорку Кеңешинен **мыйзам долбоорунун концепциясын четке**

[24] Сайтка шилтеме: https://rus.azattyk.org/a/25451817.html; https://24.kg/obschestvo/11961_s_eks-deputata_parlamenta_kamchyibeka_tashieva_snyata_sudimost/

**кагууну** жана ченемдик укуктук актынын долбоорун демилгечиге кайтарып берүүнү өтүнөт.

Ошондой эле Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө кайрылып, мыйзам долбоорун КР Жогорку Кеңешинен **чакыртып алуу** маселесин карап чыгууга үндөйбүз, себеби мыйзам долбоорундагы айрым ченемдер адамдын жалпы тарабынан таанылган укуктары менен эркиндиктерине коркунуч келтирет.

Бардык укуктук чектөөлөр мыйзамдуулуктун талаптарына шайкеш келиши керек (б.а. жетишээрлик айкын жана так болушу керек), зарылчылыкка жараша болууга тийиш (б.а. алар сөз эркиндигин эл аралык укукка ылайык чектөөнүн мыйзамдуу максаттарынын бирине жетишүү үчүн керек болушу керек, мисалы, башка адамдардын укуктарын коргоо) жана пропорционалдуу болууга тийиш (б.а. азыраак чектөөчү альтернатива жетишсиз болгон учурда гана конкреттүү чектөө киргизилиши мүмкүн).

“Кастык тилине” карата бардык юридикалык чектөөлөр алты критерийге жасалган тестке таянуу менен иштелип чыгышы керек. Бул критерийлер Рабат иш-аракеттер планында көрсөтүлгөн[25].

[25] Сайтка шилтеме: https://www.ohchr.org/RU/Issues/FreedomOpinion/Articles19-20/Pages/Index.aspx